12. *Айтматов жана этнопедагогика* (Адабий чыгармалар аркылуу кыргыз элинин тарбиялык өнөрү).
13. **11.Абдрасулова, С.** – Кыргыз педагогикасынын негиздери (Этнопедагогика жана анын мектептеги орду).
14. *Этнопедагогиканын теориясы жана практикасы*.
15. *Мектептеги этнопедагогикалык тажрыйба*.
16. **Мурзаканова, С.** – *Кыргыз мектептеринде этнопедагогикалык багытта окутуунун мүмкүнчүлүктөрү*.
17. https://ky.wikipedia.org/wiki/%D0%90%D0%BA_%D0%BA%D0%B5%D0%BC%D0%B5_(%D1%87%D1%8B%D0%B3%D0%B0%D1%80%D0%BC%D0%B0)
18. https://sputnik.kg/20180407/ak-keme-povesti-tuuraluu-kyzyktuu-10-fakty-1038556725.html

**УДК 372.8** **DOI: https://doi.org/10.56122/..v2i2%20(26).475**

# БАШТАЛГЫЧ КЛАССТАРДА ТИЛ ЖАНА ПРЕДМЕТТЕРДИ ИНТЕГРАЦИЯЛАП ОКУТУУНУН НАТЫЙЖАЛУУЛУГУ

Мадумарова Малохат Косимовна – п.и.к., доцент ОшМУ
**ORCID:** 0009-0004-1918-5049, malohat73@mail.ru
Куйчиев Асадулло Сулайманович –т.и.к., доцент ОшМПУ, akuichiev@mail.ru
Жылкыайдар Хиналган -филология илимдеринин доктору (Ph.D), профессор. Монголия мамлекеттик билим университетинин Баян-Өлгий аймагындагы филиалы, Монгол Эл Республикасы, Ульгий ш. @msue.edu.mn

**Аннотация**

Бул макала башталгыч класстарда тил менен предметтерди интеграциялап окутуунун маанилүүлүгүн жана анын билим берүү процессиндеги заманбап багыттарын талдап чыгат. Макаланын негизги темасы – тилдик жана предметтик билимдерди бириктирүү аркылуу окуучулардын комплекстүү компетенцияларын өнүктүрүү болуп саналат. Интеграцияланган окутуу окуучулардын ой жүгүртүү, логикалык жана креативдүү жөндөмдөрүн арттырып, сабакка кызыгуусун жогорулатат. Кыргызстанда USAIDдин «Окуу Керемет!» долбоору алкагында CLIL технологиясы колдонулуп, тилди жана предметтерди бирге окутуунун эффективдүүлүгү жогорулаган. Мугалимдердин методикалык даярдыгы, дифференциацияланган ыкмалар жана интерактивдүү материалдар окуу процессин байытып, ар бир окуучунун муктаждыгын эске алууга мүмкүнчүлүк түзөт. Ошондой эле, макалада интеграцияланган окутуунун кыйынчылыктары жана аларды жеңүү жолдору, ошондой эле баалоо системасын жаңылоо мааниси баса белгиленет. Жыйынтыктап айтканда, тил менен предметтерди интеграциялоо билим сапатын жогорулатууга жана окуучулардын интеллектуалдык потенциалын өнүктүрүүгө шарт түзөт.

**Ключевые сөздөр:** интеграция, тилдик компетенция, башталгыч класстар, интеграцияланган сабак, тажрыйба, окуутуунун натыйжалуулугу,

# ЭФФЕКТИВНОСТЬ ИНТЕГРИРОВАННОГО ОБУЧЕНИЯ ЯЗЫКА И ПРЕДМЕТОВ В НАЧАЛЬНЫХ КЛАССАХ

Мадумарова Малохат Косимовна – к.п.н., доцент ОшГУ
**ORCID:** 0009-0004-1918-5049, malohat73@mail.ru
Куйчиев Асадулло Сулайманович – к.т.н., доцент ОшГПУ, akuichiev@mail.ru

Жылкыайдар Хиналган - доктор филологических наук (Ph.D), профессор. Филиал Государственного университета образования Монголии в аймаке Баян-Өлгий, Монгольская Народная Республика, г. Ульгий. hinalgan@msue.edu.mn

**Аннотация**

В данной статье рассматривается важность интеграции языка и учебных предметов в начальных классах и современные направления этого процесса в образовании. Основная тема статьи — развитие комплексных компетенций учащихся через объединение языковых и предметных знаний. Интегрированное обучение способствует развитию мыслительных, логических и творческих способностей учащихся, а также повышает их интерес к урокам. В Кыргызстане в рамках проекта USAID «Окуу Керемет!» применяется технология CLIL, которая повысила эффективность совместного изучения языка и предметов. Методическая подготовка учителей, дифференцированные подходы и интерактивные материалы обогащают учебный процесс и позволяют учитывать индивидуальные потребности каждого ученика. В статье также выделены трудности интегрированного обучения и пути их преодоления, а также подчеркивается важность обновления системы оценки. В заключение, интеграция языка и предметов создает условия для повышения качества образования и развития интеллектуального потенциала учащихся.

**Ключевые слова:** интеграция, языковая компетенция, начальные классы, интегрированный урок, опыт, эффективность обучения.

## EFFECTIVENESS OF INTEGRATED TEACHING OF LANGUAGE AND SUBJECTS IN PRIMARY GRADES

Madumarova Malokhat Kosimovna – Candidate of Pedagogical Sciences, Associate Professor, Osh State University (OshSU)
ORCID: 0009-0004-1918-5049, E-mail: malohat73@mail.ru
Kuichiev Asadullo Sulaimanovich – Candidate of Technical Sciences, Associate Professor, Osh State Pedagogical University (OshGPU)
E-mail: akuichiev@mail.ru
Zhilkyaydar Khinalgan – Doctor of Philology (Ph.D), Professor, Branch of the Mongolian State University of Education in Bayan-Ölgii Aimag, Mongolia, city of Ölgii.
E-mail: hinalgan@msue.edu.mn

**Abstract**

This article examines the importance of integrating language and subjects in primary education and the modern trends in this educational process. The main focus is on developing students' comprehensive competencies by combining linguistic and subject knowledge. Integrated teaching enhances students' thinking, logical, and creative skills, while increasing their interest in lessons. In Kyrgyzstan, under the USAID "Okuu Keremet!" project, the CLIL technology has been implemented, improving the effectiveness of simultaneous language and subject learning. Teachers' methodological training, differentiated approaches, and interactive materials enrich the learning process and allow consideration of each student's individual needs. The article also highlights challenges in integrated teaching and ways to overcome them, emphasizing the importance of updating assessment systems. In conclusion, integrating language and subjects creates favorable conditions for improving education quality and developing students' intellectual potential.

**Keywords**: integration, language competence, primary grades, integrated lesson, experience, teaching effectiveness.

**Киришүү.** Башталгыч класстарда тил менен предметтерди интеграциялап окутуу билим берүү процессиндеги маанилүү жана заманбап багыттардын бири болуп саналат. Бул ыкманын негизги максаты — тилдик жана предметтик билимдерди бириктирип, окуучулардын комплекстүү билим алуусуна шарт түзүү. Мында тилдик компетенция менен бирге окуучулардын ой жүгүртүү жөндөмдөрү, логикалык жана креативдүү ой жүгүртүү

түрлөрү өнүктүрүлөт. Интеграцияланган окутуу балдардын билим алууга болгон кызыгуусун арттырып, аларды сабактын мазмуну менен активдүү тажрыйба аркылуу тааныштырат. Өзгөчө башталгыч класстарда, мында тил үйрөнүү жана предметтик түшүнүктөрдү калыптандыруу процесси башталат, мындай интеграция окуучунун жалпы билим деңгээлин жогорулатууда маанилүү роль ойнойт.

Окутууда салттуу усулдардын артыкчылыктарынын бири — системага салынгандыгы, универсалдуулугу жана процесстин алдын ала болжолдонушу. Бирок, бул методдор окуучулардын өзгөчөлүктөрүнө жетиштүү ылайыкташтырылбагандыгы, суроолорго жооп берүүнүн жай жүрүшү жана интерактивдүү технологияларды колдонууга мүмкүнчүлүктөрдүн чектелиши сыяктуу кээ бир көйгөйлөргө туш болушат [4]. Интеграцияланган окутуунун теориялык негиздери билим берүү тармагында ар кыл когнитивдик жана педагогикалык концепцияларга таянат. Биринчиден, бул ыкма конструктивисттик билим берүү теориялары менен тыгыз байланышта. Конструктивизмге ылайык, окуучу билимди өз алдынча тажрыйба жана изилдөө аркылуу курат. Интеграциялык сабактар окуучуларды активдүү катышууга, маселелерди чечүүгө жана предметтердин ортосундагы байланыштарды табууга түрткү берет. Экинчиден, тилди предметтер менен бириктирүү CLIL (Content and Language Integrated Learning) жана башка окутуу моделдеринде кеңири колдонула баштаган. Мындай ыкма тилди жана предметтик билимди бир убакта өздөштүрүүгө мүмкүндүк берип, тилдик чөйрөнү кеңейтет. Кыргызстанда башталгыч билим берүүнү өркүндөтүү максатында USAID тарабынан ишке ашырылып жаткан «Окуу Керемет!» долбоору бардык окуучулар үчүн тең мүмкүнчүлүктөрдү түзүүнү, катышууну жана индивидуалдык өзгөчөлүктөрдү эске алуу менен окуу, жазуу жана башка предметтерди окутууну дифференцияланган жана интеграцияланган ыкма менен жүргүзүүнү көздөйт. Бул аркылуу башталгыч класстарда окуу натыйжаларын жакшыртуу негизги багыт болуп саналат.

**Методдор жана талкуулар.** Долбоордун алкагында педагогика жаатында жогорку билим алгандар, Билим берүү жана илим министрлигинин алдындагы Республикалык педагогикалык кызматкерлердин квалификациясын жогорулатуу жана кайра даярдоо институтунун адистери, методисттер, жергиликтүү жана эл аралык эксперттерден түзүлгөн жумушчу топ «Башталгыч мектепте окууга жана жазууга дифференцияланган жана интеграцияланган окутуу» модулун иштеп чыгышкан.

Сабаттуулук — бул күнүмдүк турмушта эң маанилүү жана башталгыч класста окуучуларда өнүктүрүлчү негизги көндүмдөрдүн бири. Ал тил, математика, мекен таануу, жашоо коопсуздугу, көркөм өнөр, музыка жана адептик сабактар сыяктуу бардык предметтерди түшүнүү жана ийгиликтүү окуу үчүн негиз болуп саналат. Ошондой эле сабаттуулук орто жана жогорку билим берүү деңгээлинде ийгиликке жетишүүдө да чоң роль ойнойт.

USAIDдин мурдагы «Бирге окуйбуз» (2013-2017) жана «Келгиле, окуйбуз!» (2017-2020) долбоорлору окуучулардын негизги окуу көндүмдөрүн өнүктүрүүгө басым жасаган болсо, «Окуу Керемет!» (2019-2024) долбоору окуу сапатын жакшыртып, окуучулардын мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүүгө, аларды окутуу процессине толук тартууга жана жеткиликтүүлүктү камсыздоого багытталган.

Теориялык негиздерден тышкары, интеграцияланган окутуунун практикалык натыйжалары дүйнөлүк жана жергиликтүү тажрыйбалар аркылуу ырасталууда. Эл аралык изилдөөлөрдө, мисалы Европа жана АКШ мектептеринде CLIL ыкмасы аркылуу окуучулардын тилдик компетенциялары гана эмес, предметтик билимдери да жогорулаары көрсөтүлгөн. Окуучулар сабакта колдонулган тил аркылуу предметтин негизги түшүнүктөрүн терең кабыл алышат. Мисалы, тил менен табигый илимдер багытындагы сабактарды айкалыштырганда, окуучулар предметтик терминологияны жаңы тилде өздөштүрүп, ой жүгүртүү жөндөмдөрүн өнүктүрүшөт. Ошондой эле, илим, математика, тил жана башка предметтерди бириктиргенде окуучулар көп кырдуу жана комплекс маалыматты кабыл алып, аны практикалык шартта колдонууга үйрөнүшөт.

Кыргызстандагы мектептерде да тилди предметтер менен интеграциялап окутуу тажрыйбалары көбөйүүдө. Айрыкча башталгыч класстарда кыргыз тили менен математика, мен жана дүйнө жана адабий окуу сабактарындагы кээ бир темалар боюнча билимдерди айкалыштырган программалар иштелип чыккан. Бул тажрыйбалар мугалимдердин координациясы жана методикалык колдоосу менен ийгиликтүү ишке ашууда. Мисалы, мен жана дүйнө сабагында жаныбарлар тууралуу маалыматты кыргыз тилинде жазуу же сүйлөмдөрдү түзүү окуучулардын тилдик жана предметтик билимдерин бирдей өнүктүрөт. Ошондой эле, тил сабактарында жаңы сөздөрдү жана грамматикалык конструкцияларды предметтердин контекстинде колдонуу окуучунун тилге болгон кызыгуусун жогорулатат.

CLIL (Content and Language Integrated Learning) — бул тилди жана предметтик билимди биргелешип окутуу. Ал тилди терең үйрөнүп, ошол эле учурда предметтердин мазмунун жакшы өздөштүрүүгө мүмкүнчүлүк берет. Кыргызстанда “Окуу керемет” долбоору башталгыч класстарда CLIL ыкмасын ийгиликтүү колдонуп, окуучулардын билим алуусуна жаңы дем берип жатат. Мисалы, мугалимдер тил сабагында жаратылыш темасын тандап, ал темага байланыштуу сөздөрдү үйрөтүп, ошол эле учурда жаратылышка байланыштуу илим сабагындагы негизги түшүнүктөрдү киргизишет. Мисалы, “Өсүмдүк дүйнөсү” темасында кыргыз тилинде жаңы сөздөрдү үйрөнүп, ошол эле учурда өсүмдүктөрдүн түрлөрү жана алардын жашоо шарты тууралуу түшүнүк алышат.

Бул ыкма окуучуларга тилдик жана предметтик билимди байланышта өздөштүрүүгө шарт түзөт. Окуучулар жаңы сөздөрдү жана грамматикалык түзүмдөрдү предметтин контекстинде колдонуп, алардын маанисин терең түшүнүшөт. Ошондой эле, сабак кызыктуу жана практикалык болуп, окуучулардын мотивациясы жогорулайт.

Интерактивдүү иш-аракеттер аркылуу мугалимдер сабакта оюндарды, топтук талкууларды, ролдук оюндары жана диалогдорду колдонушат. Мисалы, математикалык сабакта эсептерди чечип жатканда, окуучулар кыргыз тилинде бирге талкуулап, жоопторун түшүндүрүшөт. Интерактивдүү иш-аракеттер тил практикасын көбөйтүп, окуучулардын тилди колдонуусун активдештирет. Ошондой эле, топтук иш алмашуу социалдык көндүмдөрдү өнүктүрүп, окуучулардын өз ара жардамдашуусун күчөтөт.

Интегралдык сабактар балдарда дүйнөнүн бир бүтүн картинасын калыптандырууга, жаратылыштагы, коомдогу жана бүтүндой дүйнөдөгү кубулуштардын ортос күн байланыштарды түшүнүүгө өбөлгө түзөт [2].

Визуалдык жана аудиовизуалдык материалдарды колдонуу аркылуу тил жана предметти интерациялап окутууга мүмкүн. Мисалы, сабакта сүрөттөр, видеолор, презентациялар, аудио жазуулар колдонулуп, тилдик жана предметтик түшүнүктөрдү колдоого алынат. Мисалы, “Жаныбарлар дүйнөсү” темасында видеолор аркылуу жаныбарлардын мүнөзү жана жашоо чөйрөсү көрсөтүлөт, андан кийин тилдик тапшырмалар аткарылат. Визуалдык жана аудиовизуалдык материалдар окуучулардын көңүлүн буруп, маалыматты жакшы кабыл алууга шарт түзөт. Мындай материалдар тилди үйрөнүүнү жеңилдетип, окуучулардын түшүнүктөрүн тактайт. Ошондой эле, алар сабактын динамикасын сактап, окуучулардын кызыгуусун арттырат.

Интеграциялоодо сабакта аткарылуучу тапшырмаларда тилдик жана предметтик максаттарды айкалыштыруу зарыл. Мугалимдер тилдик тапшырмалар менен предметтик тапшырмаларды бириктирип түзгөнгө болот. Окуучулар бир убакта эки компетенцияны өнүктүрүшөт — тилдик жана предметтик. Бул алардын коммуникациялык жана ой жүгүртүү жөндөмдөрүн биргеликте күчөтөт. Ошондой эле, сабакта берилген маалыматты ар тьараптуу кабыл алып, аны өз сөзүндө кайталоо аркылуу билимин бекемдөйт.

Ар бир окуучунун деңгээлине жараша тапшырмаларды берүү, кээ бирлери үчүн жеңилдетилген материалдар, башкалар үчүн кошумча кыйын тапшырмалар даярдоо. Ар кандай деңгээлдеги окуучулар өз темпинде окуй алышат, ал эми мугалим ар биринин муктаждыгын эске алат. Мында дифференциацияланган окутууга шарт түзүлүп, окуучулардын өзүндө ишеним пайда болот, умтулуусу артат, сабактагы ийгиликке жетүүсүнө шарт түзүлөт.

Интеграцияланган окутуунун башталгыч класстардагы дагы бир маанилүү артыкчылыгы — окуучулардын ой жүгүртүү жөндөмдөрүнүн өнүгүшү. Ар кандай предметтерди бириктирүү окуучулардын талдоо жана креативдүү ой жүгүртүү жөндөмдөрүн жогорулатат, алар маселени бир нече жактан карап, маалыматты комплекстүү кабыл ала алышат. Мындай ыкма окуучунун интеллектуалдык потенциалын ачып, окууга кызыгуу жана мотивацияны арттырат. Мугалимдер сабактарды ийкемдүү пландап, окуучулардын муктаждыктарына жараша сабактын мазмунун байытат. Мисалы, тил сабагында жаңы сөздөрдү үйрөнүп жатканда, аларды жаратылыш, коомдук турмуш, математика маселелеринде колдонуу мүмкүнчүлүгү берилет.

Бирок интеграцияланган окутууну жүргүзүүдө кээ бир кыйынчылыктар да бар. Алгачкы деңгээлде мугалимдердин методикалык даярдыгы жетишсиз болушу мүмкүн. Интеграцияланган сабактарды иштеп чыгуу, пландаштыруу жана өтүү көп убакытты талап кылат. Ошондой эле, окуу материалдарынын жетишсиздиги, электрондук ресурстар менен камсыздоонун чектелиши жана баалоо ыкмаларынын жетишсиздиги көйгөйлөрдү жаратат. Мисалы, мугалимдер предметтик жана тилдик компетенцияларды бир учурда баалоо үчүн атайын критерийлерди түзүүдө кыйынчылыктарга дуушар болушат. Ошондуктан, мугалимдерге профессионалдык өнүгүү мүмкүнчүлүктөрүн түзүү, атайын тренингдерди өткөрүү жана методикалык жардам көрсөтүү абзел.

Ошондой эле, баалоо системасын жаңылоо интеграцияланган окутуунун ийгилиги үчүн зарыл. Окуучулардын тилдик жана предметтик жөндөмдөрүн биргеликте баалоо аркылуу аларды комплекстүү өнүктүрүүнүн натыйжалуулугу белгиленет. Мугалимдерге баалоо критерийлерин тактоо, формативдик жана суммативдик баалоо ыкмаларын айкалыштыруу сунушталат. Мындан тышкары, окуучулардын айырмачылыктарын эске алуу менен дифференциацияланган окутууну уюштуруу зарыл.

Келечекте интеграцияланган окутууну өнүктүрүүдө жаңы технологияларды колдонуу чоң мааниге ээ. Жасалма интеллект, виртуалдык, мультимедиялык материалдар сабактарды кызыктуу жана интерактивдүү кылып, окуучулардын көңүлүн буруп, билим алуу процесси жандуу болот. Ошондой эле, технологиялар мугалимдерге сабактарды уюштуруу жана баалоо иштерин жеңилдетет. Мындан тышкары, шаар жана айыл мектептеринин шарттарын эске алуу менен интеграцияланган программаларды адаптациялоо жана окуучулардын өзгөчөлүктөрүн эске алуу зарыл.

“Окуу керемет” долбоорунда CLIL технологиясын колдонуу башталгыч класстарда тилди жана предметтик билимди бириктирип окутууда чоң ийгиликке жетишүүдө. Окуучулардын окууга болгон кызыгуусун жогорулатып, тилдик жана предметтик компетенцияларын биргелешип өнүктүрүүгө шарт түзөт. Тематикалык материалдар окуучуларга контекстти түшүнүүгө жардам берип, интерактивдүү жана визуалдык ыкмалар тилди жандуу жана кызыктуу үйрөтөт. Ошондой эле, дифференциацияланган ыкма ар бир окуучунун өзүнчө муктаждыгын канааттандырып, ийгиликтүү окууга өбөлгө түзөт.

**Корутунду.** Башталгыч класстарда тил менен предметтерди интеграциялап окутуу — билим берүү сапатын жогорулатууга багытталган, окуучулардын тилдик, ой жүгүртүү жана предметтик компетенцияларын биргелешип өнүктүрүүчү комплекстик технология. Бул технология аркылуу окуучулардын билим алууга болгон кызыгуусун арттырып, сабактардын мазмунун терең түшүнүүгө жардам берет.

Интеграцияланган сабакты уюштурууда изилдөө, талкуу ыкмалары, ошондой эле ар түрдүү маалымат булактары, телеберүүлөрдүн программалары, кинофрагменттер, мультимедиялык каражаттар, интернет-технологиялары жана башка окуу-көзөмөл техникалык каражаттар колдонулат. Бул ыкмалар студенттерге көндүмдөрдү өздөштүрүүгө, жаңы маалыматтарды үйрөнүүгө, сабакты жандандырууга жана балдар менен интенсивдүү иштөөгө жардам берет [5]. Ошол эле маалда, ийгиликтүү ишке ашыруунун шарты — мугалимдердин профессионалдык даярдыгы, методикалык жана материалдык камсыздоо, ошондой эле баалоо системасынын натыйжалуу иштеши зарыл.

Окутуунун заманбап мультимедиялык технологияларын стандарттуу жана стандарттуу эмес сабактар менен айкалыштыруу окуучулар үчүн маалыматты кабылдоодо оң натыйжаларды берет. Стандарттуу жана стандарттуу эмес сабактар бири-бирин толуктап, билим берүү процессинин ар тараптуу болушун камсыздайт. Мугалимдин чеберчилиги сабактын кайсы түрү болбосун, аны натыйжалуу жана кызыктуу кылып өткөрүүдө чоң мааниге ээ. Стандарттуу эмес сабактардынтүрлөрүнө төмөнкүлөрдү кошууга болот: оюн сабактары, квест сабактары, интерактивдүү сабактар, практикалык жана чыгармачыл сабактарж.б. Азыркы күндүтүрдүүилимдерди өздөштүрө алган билимдүүжаштарды тарбиялоо, б.а. инсанды ар тараптуу тарбиялоо доордун актуалдуу маселеси болсо, дал ошол маселени чечүүдө интеграциялап окутуунун да өз орду бар [1]. Окутуунун методикалык-теориялыкилимдериөзгөрүп, илимийжактан таанып-билүүнүн методдору өркүндөп жаткан кези [3]. Демек, билим берүү системасында бул технологияны кеңири колдонуу окуучулардын интеллектуалдык жана тилдик потенциалын жогорулатууда маанилүү кадам болуп саналат.

**Адабияттар:**

1.Амалканова Б.Т., Мадумарова М.К., Куйчиев А.С . Гуманитардык предметтерди инновациялык технологиялар менен окутуунун жолдору Известия кыргызского государственного технического университета им. И. Раззакова. Киргизский государственный технический университет им. И. Раззакова. Бишкек.No4(56). 2020г. https://www.elibrary.ru/item.asp?id=45705378

2.Мендибаева Н. Башталгыч мектепте интеграцияланган сабактар окуучуларды ар тараптуу өнүктүрүүнүн жана таанып билүү ишмердүүлүгүн активдештирүүнүн жолу катары А.Мырсабеков атындагы ОшМПУ жарчысы журналы. 2024 - ж. №1. (23) https://ilim.oshmpu.kg/index.php/01/issue/view/22

3.Мадумарова М.К. Кыргыз тилин окутууда стандарттуу эмес сабактарды колдонуу жана аларды баалоо А. Мырсабеков атындагы ОшМПУ жарчысы” илимий-усулдук журналы. 2025-ж. No.1(25). 2-Т https://ilim.oshmpu.kg/index.php/01/issue/view/26

4. Юсупова А. Роль искусственного интеллекта в трансформации традиционных методов обучения: развитие речевой деятельности учащихся через образовательные проекты. : монография. – Чебоксары: ИД «Среда», 2024. – 232 с. Вопросы образования и психологии 232.
https://phsreda.com/ru/article/113974/discussion_platform [4].

5. Мадумарова М. Методы интегрированного обучения заветов манаса в целях распространения национальной идеологии и укрепления государственности. Электронный научно-практический журнал “Синергия”. 2016. № 2. ст.7
https://cyberleninka.ru/article/n/metody-integrirovannogo-obucheniya-zavetov-manasa-v-tselyah-rasprostraneniya-natsionalnoy-ideologii-i-ukrepleniya-gosudarstvennosti.pdf